# «БАКАЙ БАНК» ААКтын туруктуу өнүгүү жаатындагы саясаты

Бишкек, 2025-жыл

1. Жалпы жоболор ....1
2. Жалпы жоболор ....3
3. БУУнун Туруктуу өнүгүү максатынын артыкчылыктуу максаттары ....4
4. Этикалык бизнес практикалары....6
5. Жоопкерчиликтүү эмгек мамилелери ....7
6. Саясий ишмердикке карата мамиле....7
7. Экологиялык жоопкерчилик ....8
8. Бузуулар тууралуу билдирүү ....8
9. Саясатты сактоо жана туруктуу өнүгүүнү башкаруу системасы....9
10. Корутунду жоболор....9
*Тиркеме №1* ....11

## 1. Жалпы жоболор

1. . “БАКАЙ БАНК” ААКтын Туруктуу өнүү жаатындагы саясаты (мындан ары – Саясат) Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылга карата Улуттук өнүгүү стратегиясын жана Бириккен Улуттар Уюмунун туруктуу өнүгүү максаттарын эске алуу менен, “Бакай Банк” ААКтын (мындан ары – Банк) корпоративдик экологиялык жана социалдык, жоопкерчиликтүү, этикалык жана туруктуу бизнес жаатында бирдиктүү ыкмаларын жана ыктыярдуу милдеттенмелерин туюндурат.

2. Ушул Саясатты Банктын туруктуу өнүгүү жаатындагы “БАКАЙ БАНК”ААКтын Корпоративдик кодекси, “БАКАЙ БАНК”ААКтын Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди тескөө боюнча саясаты, “БАКАЙ БАНК”ААКтын Коррупцияга каршы саясаты, “БАКАЙ БАНК”ААКтын Адам укуктары боюнча саясаты сыяктуу башка ички ченемдик документтери менен бирге комплекстүү түрдө кароо керек.

3. Саясаттын жоболору Банктын ички ченемдик документтерин, продуктуларын жана процесстерин иштеп чыгууда көңүлгө алынышы керек.

4. Банк кызматкерлер тарабынан ушул Саясаттын ачык талкууланышын кубаттайт жана аны жакшыртуу боюнча берилген кайсы болбосун конструктивдүү сунуштарды жылуу кабыл алат.

5. Ушул Саясатта төмөнкүдөй терминдер жана кыскартуулар колдонулду:

| | |
|---|---|
| **Дискриминация** | Банктын кызматкерлеринин, кардарларынын, контрагенттеринин жана башка кызыкдар тараптарынын укуктарын жана эркиндиктерин мыйзамсыз жана негизсиз чектөө |
| **Кызыкдар тараптар** | Банктын ишинин жыйынтыктарына жана нарктын түзүлүшүнө кызыкдар болушу мүмкүн болгон жана (же) Банктын ишине, продуктуларына жана кызмат көрсөтүүлөрүнө олуттуу таасир этүү мүмкүндүгүнө ээ болгон, же алардын чечимдери же аракеттери Банктын нарк түзүү, өз стратегияларын ишке ашыруу, өз максаттарына |

| | |
|---|---|
| | жетүү жөндөмдөрүнө таасир тийгизиши мүмкүн болгон юридикалык жактар жана жеке адамдар, ошондой эле Банктын иши аларга таасир берген жеке адамдар же юридикалык жактар. |
| **Кардар** | Банктын тейлөөсүнө кабыл алынган же тейлөөсүндө болгон, же банк алар менен иштиктүү мамилелерди түзүп жаткан же түзгөн жеке адам, юридикалык жак (уюм), чет элдик траст же юридикалык бирикме. |
| **Контрагентттер** | Банк менен келишимдердин же башка юридикалык милдеттүү макулдашуулардын негизинде, ошондой эле алдын ала макулдашуучулук мамилелердин алкагында өз ара аракеттенген кайсы болбосун жеке адамдар, юридикалык жактар жана уюмдар |
| **Банк ишмердигин жооптуу алып баруу** | Бириккен Улуттар Уюмунун туруктуу өнүгүү максаттарын, чечимдерди кабыл алууда жана стратегиялык пландоодо социалдык жана экологиялык аспекттердин Банк тарабынан системалык эсепке алынышы, стратегиялык жана узак мөөнөттүү чакырыктарга, экономикалык, экологиялык жана социалдык мүнөздөгү көйгөйлөргө натыйжалуу аракеттерди көрүү үчүн Банк тарабынан этикалык жана туруктуу ыкмалардын колдонулушу, корпоративдик жана тобокелдик менеджмент жаатында алдыңкы тажрыйбалардын Банк тарабынан киргизилиши, ошондой эле кыска мөөнөттүү корпоративдик финансылык натыйжаларга караганда Банк үчүн өзүнүн кызыкдар тараптарынын узак мөөнөттүү бакубат болуусу жана алардын кызыкчылыктарынын эске алынышы жогору турарын көрсөтүү |
| **Адамдын укуктары** | ар бир адамдын ажырагыс укуктары, алардын негизинде татыктуулукту, эркиндикти жана теңдикти таануу жатат. |
| **Банк кызматкери** | Банктын Башкы кеңсесинин, филиалдарынын, бөлүмдөрүнүн, өкүлчүлүктөрүнүн кызматкерлери, алар Банк менен түзүлгөн эмгек келишиминин негизинде иштешет. |
| **Туруктуу өнүгүү** | Банктын өз ишмердигин курчап турган чөйрөгө, экономикага, коомго таасирин кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын коргоону эске алуу менен өнүгүүсү. Туруктуу өнүгүү азыркы учурдагы муктаждыктарга келечектеги муундун өз муктаждыктарын канааттандыруу жөндөмүнө зыян келтирбестен жооп бериши керек. |
| **БУУнун туруктуу өнүгүү максаттары** | Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясынын 2015-жылдын 25-сентябрындагы № 70/1 резолюциясы аркылуу кабыл алынган “Биздин дүйнөнү кайра өзгөртүү: 2030-жылга чейинки мезгилге карата Туруктуу өнүгүү жаатында күн тартиби”. |
| **ESG** | Банктын ишмердигин жүргүзүүдө туруктуу өнүгүүнүн көңүлгө алынчу факторлору, тактап айтканда: климаттык факторлорду кошо алгандагы экологиялык факторлор, социалдык факторлор жана корпоративдик башкаруу факторлору |

## 2. Туруктуу өнүгүүгө карата жоoптуу мамиле

6. Банк финансылык-техникалык компания катары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бекем сактоого аракет кылат, иштиктүү мамилелерден келип чыккан же алар аркылуу шартталган, өзүнө алган келишимдик жана башка милдеттенмелерди так сактоо принциптерин жетекчиликке алат.

7. Банк бардык кызыкдар тараптар үчүн узак мөөнөттүү баалуулуктарды түзүүгө умтулат, ошону менен бирге кардарларды тартуу жана операциялык натыйжалуулукту жогорулатуу аркылуу дагы.

8. Банк өз ишмердигин ачыктык, очеттуулук, айкындык, этикалык мамиле, кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын коргоо, коррупцияга келишпестик менен мамиле кылуу, кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо принциптерине ылайык жүргүзөт.

9. Банк бантык ишмердикти жооптуу жүргүзүүгө аракет кылат, өзүнүн стратегиялык артыкчылыктарын аныктоодо, пландоо процессинде жана чечимдерди кабыл алууда Бириккен Улуттар Уюмунун туруктуу өнүгүү максттарын жана Бириккен Улуттар Уюмунун Глобалдык келишимининин принциптерин эске алат.

9. Банк өз ишмердигине жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү процессине ESG алдыңкы тажрыйбаларын киргизүүгө аракеттенет. Банк баскычтуу ESG-трансформация аркылуу өзүнүн узак мөөнөттүү туруктуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга ниеттенет.

10. Банк туунду компанияларына туруктуу өнүгүүнүн бирдиктүү принциптерин, бизнести жооптуу жүргүзүү жана иштиктүү этика принциптерин киргизүүгө аракет кылат.

11. Банк адамдын фундаменталдык укуктарын жана эркиндигин, кызматкерлердин эмгекке болгон укуктарын сактайт жана кызыкдар тараптарга кандайдыр бир формадагы дискриминациянын жана басмырлоолордун орун алуусуна жол бербейт.

12. Банк туруктуу каржылоо инструменттерин кошо алганда, Кыргыз Республикасынын бардык аймагында калк жана бизнес үчүн жеткиликтүү банк продуктуларын көбөйтүүнүн үстүндө иш алып барат.

13. Банк Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүгүү максатына жетүүгө, ESG-багыт алган кардарларды колдоого, жашыл жана социалдык долбоорлорду жана демилгелерди ишке ашырууга, жаратылыш ресурстарын колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатууга Кыргыз Республикасынын экономикасын декарбонизациялоого, климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерин жеңилдетүүгө, климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашууга багытталган туруктуу каржылоону кеңейтүүгө, финансылык продуктуларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоого аракет жасайт.

14. Банк чакан жана орто ишкердикти каржылоону жогорулатууга умтулат.

15. Банк турктуу өнүгүүнү колдоого багытталган туруктуу өнүгүү жана банк ишин жооптуу жүргүзүү, финансылык өнөктөштүктү өнүктүрүү жаатындагы эл аралык жана улуттук демилгелерге катышат.

16. Банк инновациялык жана санариптик чечимдерди активдүү өнүктүрөт, анын ичинде финансылык инклюзияны кеңейтүү жана климатка болгон таасирди азайтуу үчүн дагы.

17. Банк туруктуу өнүгүү принциптерин колдой турган контрагенттер менен кызматташууга аракеттенет, ошол эле учурда Банк финансылык тобокелдиктерди төмөндөтүү жана болжолдонгон иштиктүү мамилелерди түзүү үчүн алар менен түзүлгөн келишимге туруктуу өнүгүү жаатындагы шарттарды жана талаптарды кошуу укугун өзүндө калтырат.

18. Банк эмгек мамилелер, адам укуктарын коргоо, курчап турган чөйрөнү коргоо жаатындагы жогорку стандарттарды жана алдыңкы тажрыйбаны контрагенттердин арасында жайылтууга көмөк көрсөтөт.

19. Банк өз ишмердигинин жүрүшүндө финансылык эмес активдерди башкаруунун, ошондой эле климаттык тобокелдикти тескөөнүн алдыңкы тажрыйбасын киргизет.

Финансылык эмес тобокелдиктерди тескөө Банктын тобокелдиктерди тескөөнүн жалпы корпоративдик тескөө системасынын алкагында ишке ашырылат.

20. Банк кредиттөөнүн жүрүшүндө өзүнүн экологиялык жана социалдык тобокелдиктерин азайтуу үчүн Банктын карыз алуучуларынын (кардарларынын) дью-дилидженс процессинин курамдык бөлүгү катары чекене жана корпоративдик карыз алуучулардын (кардарлардын) экологиялык жана социалдык тобокелдиктерин (ESG-факторлорду) баалоо жана тескөө системасын киргизет.

21. Каржыланбай тургандардын расмий түрдөгү тизмесинде бекитилген, жогорулатылган экологиялык жана/же социалдык таасирдүү ишмердиктин айрым түрлөрүн каржылабайт.

22. Банк өзү жайгашкан аймактардагы жергиликтүү коомчулуктун кызыкчылыктарындагы ар кандай социалдык маселелерди чечүүгө багытталган кайрымдуулук программаларды ишке ашырат жана демөөрчүлүк жардамдарды көрсөтөт.

## 3. БУУнун Туруктуу өнүгүү максатынын артыкчылыктуу максаттары

23. Банк Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясынын 2015-жылдын 25-сентябрындагы № 70/1 резолюциясы аркылуу кабыл алынган “Биздин дүйнөнү кайра өзгөртүү: 2030-жылга чейинки мезгилге карата Туруктуу өнүгүү жаатында күн тартиби” декларациясында көрсөтүлгөн бардык Максаттарды колдойт.

24. Банк өз ишмердигинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүгүүсүнүн төмөнкүдөй артыкчылыктуу максаттарын аныктады, Банк алардын алкагында көбүрөөк жагымдуу таасир эте алат:

| **Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүгүүсүнүн Артыкчылыктуу Максаттары** | **Банктын Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүгүүсүнүн Максаттарына жетүүгө багытталган аракеттеринин жана демилгелеринин үлгүлөрү** |
|---|---|
|   Баардыгы үчүн адилеттүү жана сапаттуу билим берүүнү камсыздоо жана өмүр бою окуу мүмкүндүгүн колдоо | - Банктын кызматкеринин инсандык жана кесипкөйлүк жактан өнүгүүсүнө мүмкүндүк түзүү.<br>- Банктын кардарларынын жана Банк жайгашкан аймактардагы калктын финансылык жана ишкердик сабаттуулугун жогорулатуу.<br>- Банктын квалификациялуу кадрларды тартуу маселелери боюнча жогорку окуу жайлары менен өз ара аракеттенүүсү. |
|   Гендердик теңчиликти камсыздоо жана бардык аялдардын жана кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү | - Кызматкерлерди жумушка кабыл алууда жана карьералык өсүүсүнө гендердик басмырлоолорго жол бербөө.<br>- Банктын башкаруу органдарында аял өкүлдөрдүн болуусун камсыздоо.<br>- Бирдей эмгектери үчүн эркектерди жана аялдарды бирдей сыйлоо.<br>- Аял ишкерлерди каржылоо. |

| | |
|---|---|
|   Алдыга умтулган, туруктуу экономикалык өсүүнү, бардыгы үчүн толук жана өндүрүмдүү, татыктуу жумуш менен камсыздоону колдоо | - Микро, чакан жана орто бизнести, ошондой эле өнөр жай ишканаларын каржылоо.<br>- Кызматкерлер үчүн жайлуу жана коопсуз иш орундарын түзүү жана алардын кесипкөйлүк өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүү.<br>- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарын сактоо, басмырлоого, мажбурлоого жана жаш балдардын иштөөсүнө жол бербөө.<br>- Банк жайгашкан аймактарда жумуш орундарын түзүү, ошону менен бирге бизнести кредиттөө аркылуу дагы. |
|   Туруктуу инфратүзүмдү түзүү, көп кырдуу жана туруктуу индустриялдаштырууга жана инновацияларга колдоо көрсөтүү | - Финансылык инклюзияны камсыздоого багытталган финансылык инновацияларды жана санариптештирүүлөрдү өнүктүрүү.<br>- Микро, чакан жана орто бизнести, ошондой эле өндүрүш ишканаларын каржылоо.<br>- Инфратүзүм объекттерин курууну, эксплуатациялоону жана модернизациялоону каржылоо. |
|   Климаттын өзгөрүүсү жана анын кесепеттери менен күрөшүү боюнча ыкчам чараларды көрүү | - Банктын корпоративдик башкаруу системасына жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү процесстерине климаттык отчеттуулукту жана климаттык тобокелдиктерди/мүмкүнчүлүктөрдү тескөөнү киргизүү.<br>- Эл аралык ыкмалардын негизинде Scope 1, Scope 2, Scope 3 категориялардагы парник газдарынын чыгууларына карата жыл сайын Банк тарабынан баалоо жүргүзүлүп турушу.<br>- Декарбонизациялоого жана көмүртеги төмөн өнүгүүгө багытталган кардарларды жана долбоорлорду каржылоону кеңейтүү. |
|   Туруктуу өнүгүү үчүн тынчтыкты сүйгөн жана ачык коомду курууга көмөктөшүү, бардыгы үчүн сот акыйкаттуулугунун жетиштүү болуусун камсыздоо жана натыйжалуу, отчет берүүчү жана бардык деңгээлдерде катышууга негизделген мекемелерди түзүү | - Коррупцияга келишпес мамиле кылуу, коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча системалык чараларды корпоративдик деңгээлде ишке ашыруу.<br>- Кирешелерди адалдоого жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү системасынын корпоративдик деңгээлде тиешелүү түрдө иштөөсү. |
|   | - Туруктуу өнүгүү жаатындагы улуттук, эл аралык бирикмелерге жана уюмдарга катышуу.<br>- Туруктуу өнүгүүнү каржылоого багытталган жана бизнес жүргүзүүнүн тажрыйбасына жооптуу мамиле кылган финансылык өнөктөштүктөрдү кеңейтүү. |

| | |
|---|---|
| Туруктуу өнүгүү үчүн Глобалдык өнөктөштүк алкагындагы иштерди жүзөгө ашыруу жана активдештирүү каражаттарын бекемдөө | - Туруктуу өнүгүү жаатында демилгелерди иштеп чыгуу жана алдыга жылдыруу үчүн банк бирикмелеринин ишмердигине катышуу.<br>- Салыктарды төлөөгө жана салык мыйзамдарына жоопкерчилик менен мамиле кылуу. |

## 4. Этикалык бизнес практикалары

25. Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын жана эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен корпоративдик башкарууну жана тобокелдиктерди тескөөнү тынымсыз жакшыртып турат, ошондой эле жогорку жетекчиликтин туруктуу өнүгүү жаатындагы чечимдерди пландоого жана кабыл алууга катышуусун камсыздап, ошол жааттагы компетенцияларын өркүндөтүүгө аракет кылат.

26. Банк маркетингдин жана сатуулардын этикалык тажрыйбасын колдонуу менен бизнести ак ниеттүүлүк, ачык жана таза жүргүзүүгө умтулат.

27. Банк кардарлар менен ачык жана конструктивдүү мамиле курууга аракет кылат жана Банк тарабынан туруктуу өнүгүү маселелерине тиешелүү болгон чечимдерди кабыл алуу процессинде кардарлардын пикирлери жана кызыкчылыктары эске алынат.

28. Банк пара алуу, пара берүү, кызмат адамы өзүнүн кызматтык абалын кыянаттык пайдалануусу, коммерциялык пара берүү, жеке адам пайда алуу үчүн өзүнүн кызматтык абалын Банктын, коомдун жана мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарына каршы колдонуусу менен байланышкан көрүнүштөрдү кошо алганда, коррупциянын кайсы болбосун формасына келишпестик менен мамиле кылуу принциптерин карманат.

29. Банк Кыргыз Республикасынын *кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого жана кылмыштуу ишти каржылоого каршы аракеттенүү жөнүндөгү* мыйзамын бекем сактоого умтулат.

30. Банк эркин жана адилеттүү атаандаштыкты колдойт, Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарын сактайт, чынчыл эмес атаандаштыктан өзүн оолак кармайт, рыноктун башка катышуучулары менен оозеки жана жазуу жүзүндөгү атаандаштыкка каршы келген кайсы болбосун макулдашууларды түзбөйт.

31. Банк Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын, салык салуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасы мүчө болгон эл аралык келишимдерди сактап, ак ниеттүү салык төлөөчү деген абройду карманат.

32. Банк мыйзамсыз салык операцияларына катышпайт, салык төлөөдөн качпайт, мисалы: салыкты жеңилдетүү максатында эл аралык оффшордук схемаларды жана салык жеңилдетилген өлкөлөрдү колдонуу менен.

33. Банк купуялуу жана ачыкка чыкпашы керек болгон маалыматтардын корголушун камсыз кылат, ошондой маалыматтарга жеткиликтүүлүктү чектейт, анын жайылтылышын, ачыкталышын, Банктын кызматкерлери менен түзүлө турган эмгек келишимдеринде, Банктын контрагенттери менен түзүлүүчү жарандык-укуктук жана чарбалык келишимдерде колдонулушун чектейт жана башка ыкмаларды колдонот.

34. Банк купуялуу маалымат жаатындагы кайсы болбосун коркунучтарга же ишке ашкан инциденттерге ыкчам аракеттерди көрүүгө аракет кылат жана кибер-коргоо системасын ар дайым жакшыртып турат.

35. Банк кызматкерлердин, кардарлардын жана башка субъекттердин жеке маалыматтарынын корголушун камсыздайт, жеке маалыматтарды мыйзамдуу максаттарда жана Банктын иши үчүн керектүү болгон деңгээлде гана колдонот жана сактайт.

36. Банк туруктуу өнүгүү жаатындагы ишмердигинин ачыктыгын жана айкындыгын камсыздайт, ошондой эле эл аралык стандарттардын негизиндеги ар жылдык финансылык эмес отчетторду жарыялоо аркылуу дагы. Финансылык эмес отчеттор үчүн олуттуу темалар жыл сайын Банктын кызыкдар тараптарын анкеталоо аркылуу жаңыртылып турат жана Банктын Башкармасы тарабынан каралып чыгат.

37. Банк кызыкдар тараптардын пикирлерин эске алат, кызыкдар тараптардан келип түшкөн сурамдарга жана алар тараптан айтылган кооптонууларга өз учурунда чараларды көрөт.

## 5. Жооптуу эмгек мамилелери

38. Банк татыктуу эмгек шарттарын, кесипкөйлүк жана инсандык өсүүнү, кызматкерлердин ден-соолугуна колдоо көрсөтүүнү, кызматкерлерде Банктын кызыкчылыктарына карата лоялдуукту түзүүнү узак мөөнөттүү артыкчылык катары карайт.
39. Банк кызматкерлерди окутуу жана кесиптик жактан өнүктүрүү жагына өзгөчө көңүл бурат, ошондой эле туруктуу өнүгүү жаатында окутуу кызматкерлерге жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн керектүү болгон жөндөмдөргө алардын ээ болуулары үчүн маанилүү деп эсептейт.
40. Банк кызматкерлерди басмырлоого жол берилбей тургандыгын ачык көрсөтөт жана жумуш орундарында кайсы болбосун формадагы куугунтуктоого, кысым көрсөтүүгө жана күч колдонууга тыюу салат.
41. Банк кызматкерлердин пикирлерин баалайт жана чечимдерди кабыл алууда алардан алынган кайтарым байланыштарды эске алууга умтулат.
42. Банк жумуш ордуларында жаракат алынышына чыдамсыздык менен мамиле кылуу концепциясын карманат жана өз ишмердигин жүргүзүүдө коопсуздукту камсыздоо максатында колдонулчу мыйзамдардын талаптарына ылайык иш алып барат.
43. Банктын кызматкерлери эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун талаптары бузулгандыктан алардын өмүрүнө жана ден-соолугуна тобокелдиктер жана коркунуч жаралса, жумуштан баш тартууга укуктуу.
44. Банктын кызматкерлеринин ден-соолугуна жана коопсуздугуна коркунуч жараткан кырдаалдар келип чыккан учурда токтоосуз түрдө өзүнүн жетекчисине же Банктын коопсуздукту камсыздоо жана эмгекти коргоо үчүн жооптуу кызматкерлерине билдирилиши керек.
45. Банк кызматкерлер менен кеңешүүгө жана эмгек милдеттерин аткарууга байланыштуу болгон тобокелдиктерди жана коркунучтуу факторлорду алдын ала аныктоо процессине тартылган кызматкерлерди колдоого аракет кылат. Банктын кызматкерлери эмгекти коргоо маселелерин башкаруу системасын иштеп чыгуу, ишке киргизүү жана баалоо боюнча сунуштарын киргизе алышат.
46. Банк эмгек коопсуздугу жана ден-соолукту коргоо жаатында тобокелдиктерди жана коркунучтуу факторлорду аныктоо үчүн жыл сайын ички инспекцияларды жана текшерүүлөрдү жүргүзүп турат.
47. Банк кызматкерлердин эмгек ишмердиги менен байланышкан кырсыктардын чоо-жайынын иликтенишин камсыздайт, ошондой эле күтүлбөгөн кырсыктарды каттоону, эсепке алууну жана талдоону ишке ашырат.
48. Банктын аймагында жана объекттеринде же Банк кызматкерлери Банктын атынан иш алып барышкан учурда алкоголдук ичимдиктерди жана баңги заттарды колдонууга, ошондой эле жумуш ордунда алкоголдук мас абалында же баңги заттардын таасири алдында болууга тыюу салынат.
49. Банк кызматкерлери Банктын эмгек коопсуздугу жана ден-соолукту коргоо жаатындагы жол-жоболорун, регламенттерин жана нускамаларын бузган учурда Банк укуктук негиздер бар болсо, аларга карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык жаза колдонуу чараларын көрө алат.

## 6. Саясий ишмердикке карата мамиле

50. Банк кандайдыр бир саясий ишмердикке түз же кыйыр түрдө катышпайт.

51. Банк коомдук кызмат адамдарына (саясий таанымал адамдарга), саясий партияларга, саясий кампанияларга, алар менен байланышы бар уюмдарга жана фонддорго каржылоо, демөөрчүлүк көрсөтпөйт жана кайрымдуулук же башка финансылык төлөмдөрдү жүргүзбөйт.

52. Банк кызматкерлердин жарандык укуктарын сыйлайт жана алардын саясий иштерге катышуу укуктарын тааныйт, эгерде ал катышуу Банктын атынан эмес болсо жана кызыкчылыктардын кагылышына алып келбесе.

53. Банктын кызматкерлеринин саясий көз караштары жана алардын саясий максаттарга жеке колдоо көрсөтүүсү алардын өздөрүнүн эмгек милдеттенмелерин аткарууга жолтоо болбоосу керек.

54. Банктын кызматкерлери коомдук кызмат адамдарына (саясий белгилүү адамдарга) жана алардын жакын туугандарына өздөрүнүн кызматтык абалына же кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу болгон дем берүүчү төлөөлөрдү (формалдуулуктарды жөнөкөйлөтүү үчүн төлөөлөрдү), акча каражаттарын, кандайдыр бир баалуулуктарды, ссудаларды берүүнү, кызматтарды, көңүл ачууларды, эс алууларды, транспорттук чыгымдарды жана башка сыйакыларды, сыйлыктарды төлөөгө, ошондой эле Банк же Банк кызматкерлери үчүн мыйзамга каршы келген артыкчылыктарды же преференцияларды алуу максатында кымбат белектерди берүүгө же алууга тыюу салынат.

## 7. Экологиялык жоопкерчилик

55. Банк энергияны, жаратылыш же жаңыртылбоочу ресурстарды натыйжалуу колдонууну жогорулатуу боюнча жана таштандыларды рационалдуу колдонуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу менен климатка жана курчап турган чөйрөгө өзүнүн жагымсыз таасир тийгизүүсүн болтурбоого, азайтууга же компенсациялоого ниеттенет.

56. Банк кардарлардын экологиялык максаттарын каржылоо, ошондой эле көмүртекти азайтуу боюнча системалык чараларды даярдоо аркылуу Кыргыз Республикасынын климаттык стратегиясын ишке ашырууга көмөктөшүүгө умтулат.

57. Банк экологиялык жана климаттык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу системасын өнүктүрүү боюнча аракеттерди, ошондой эле ишмердикке жана кредиттик портфелге таасир бере турган, экологиялык жана климаттык факторлор менен байланыштуу болгон кесепеттердин алдын алуу жана четтетүү боюнча аракеттерди көрөт.

58. Банк климаттык тобокелдиктер менен байланыштуу болгон маалыматты жана мүмкүнчүлүктөрдү ар жылдык финансылык эмес отчетто ачыктоого аракет кылат.

59. Банк эл аралык ыкмалардын негизинде парника газдарынын чыгышына жыл сайын баалоо жүргүзүп турат.

60. Банк кызматкерлердин циклдик экономика, экология жана климат менен байланышкан маселелер боюнча кабардар болуп турууларын камсыз кылып кылууга аракеттенет.

61. Банк корпоративдик кардарлардын жана контрагенттердин көмүртеги төмөн болгон өнүгүүгө өтүүлөрүн жана эл аралык стандарттардын негизинде финансылык эмес отчетту жарыялап турууларын кубаттайт.

## 8. Бузуулар тууралуу билдирүү

62. Банк кызматкерлер, кардарлар, контрагенттер жана башка кызыкдар тараптар Банкка ушул Саясаттын бузулушу мүмкүн экендиги же бузулгандыгы тууралуу билдирип туруулары үчүн байланыш каналынын болушун камсыздайт, ошол эле учурда билдирген адамга карата кандайдыр бир кысым көрсөтүүлөр, куугунтуктоолор болбой тургандыгына кепилдик берет.

63. Банк кардарлар, контрагенттер жана башка кызыкдар тараптар бузуулар болгондугу же болушу мүмкүн экендиги, Банктын кызыкчылыктарына же беделине зыян келтирилиши мүмкүн экендиги тууралуу алар билип калган, ушул Саясатка тиешелүү болгон маселелер

жөнүндөгү маалыматты ethics@bakai.kg. электрондук дарегине билдиришет деп күтөт. Кызыкдар тараптардын болуп өткөн же болушу мүмкүн болгон бузуулар жөнүндөгү кайрылууларын, ошондой эле ушул Саясатка тиешелүү болгон маселелер боюнча Банктын кызыкчылыктарына же беделине зыян келтирилиш мүмкүндүгүн эсепке алуу жана алдын ала талдоо милдети Банктын ESG бөлүмчөлөрүнө жүктөлгөн.

64. Ушул Саясат бузулгандыгы же бузулушу мүмкүн экендиги жөнүндө маалымат алынган учурда Банк кызматтык иликтөө жүргүзөт жана ошондой бузууларды четтетүү жана аларды андан ары болтурбоо боюнча чараларды көрөт.

## 9. Саясатты сактоо жана туруктуу өнүгүүнү башкаруу системасы

65. Ушул Саясатты Банктын бардык түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана кызматкерлери үчүн милдеттүү болуп саналат.

66. Укуктук негиздер бар болгон учурда, Банктын ушул Саясаттын жоболорун аткарышпаган кызматкерлерине карата эмгек мыйзамдарында жана Банктын ички ченемдик документтеринде каралган тартипте тартиптик жаза чаралары колдонулушу мүмкүн.

67. Туруктуу өнүгүүнү башкаруу системасынын иштөөсүнө жалпысынан контроль жүргүзүү милдети Банктын Башкармасына жүктөлөт.

68. Банктын туруктуу өнүгүү жаатындагы негизги багыттар боюнча ишмердигин координациялоо туруктуу өнүгүү боюнча жумушчу топко жана Банктын ESG-бөлүмчөлөрүнө жүктөлөт.

69. Банк кызматкерлери тарабынан ушул Саясаттын жоболорунун аткарылышын контролдоо Банктын түзүмдүк бөлүмчөлөрүнүн башчыларына жүктөлөт.

70. Банктын башкаруу органдары жана түзүмдүк бөлүмчөлөрү өздөрүнүн милдеттеринин жана ыйгарым укуктарынын алкагында ушул Саясатты жүзөгө ашырууга катышышат.

71. Ар жылдык финансылык эмес отчетту (туруктуу өнүгүү жаатындагы) жана башка ESG-отчетту даярдоо максатында Банктын түзүмдүк бөлүмчөлөрү өздөрүнүн милдеттеринин жана ыйгарым укуктарынын алкагында Банктын ESG-бөлүмчөлөрүнө суралган маалыматтарды өз учурунда берип турушат.

## 10. Корутунду жоболор

72. Ушул Саясат Банктын корпоративдик сайтын жайгаштырылат жана Банктын Директорлор Кеңешин, бардык түзүмдүк бөлүмчөлөрүн кошо алганда Банктын бардык башкаруу органдары милдеттүү түрдө таанышып чыгуулары жана колдонуулары үчүн арналган. Банкта орнотулган ички жана тышкы коммуникация механизмдерине ылайык, Саясат кызыкдар тараптарга дагы тааныштырылат.

73. Ушул Саясат, ошондой эле ага киргизилчү толуктоолор жана өзгөртүүлөр Банктын Башкармалыгы менен макулдашылат жана Директорлор кеңеши тарабынан бекитилет.

74. Саясат Банктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген күндөн баштап күчүнө кирет, эгерде Банктын Директорлор кеңеши аны аракетке киргизүү боюнча башка мөөнөттү белгилебеген болсо.

75. Ушул Саясат актуалдуулугуна, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана туруктуу өнүгүү жаатындагы эл аралык тажрыйбага туура келерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбей тургандыгына карата маал-маалы менен (кеминде 1 жылда бир жолу) кайра каралып турат.

76. Банк ушул Саясатта каралбаган маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана Банктын ички ченемдик документтерин жетекчиликке алат.

77. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары өзгөргөндүгүнө байланыштуу ушул Саясаттын кээ бир жоболору аларга каршы келип калган учурда, Саясатка өзгөртүү

киргизилген учурга чейин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алуу керек.

*«БАКАЙ БАНК» ААКтын*
*Туруктуу өнүгүү жаатындагы саясатына*
*№1 тиркеме*

**“БАКАЙ БАНК” ААКта каржыланбаган ишмердиктин түрлөрүнүн тизмеси**

“БАКАЙ БАНК” ААК социалдык жана/же экологиялык жактан жагымсыз деп мүнөздөлгөн төмөнкүдөй ишмериктерди жана долбоорлорду каржылабоого милдеттенет:

1. Казино, кумар оюндарын жана мелдештерин уюштуруу боюнча башка ишмердик, ошондой эле онлайн дагы.
2. Курал жана аскердик жабдыктарды өндүрүү жана алар менен соода кылуу.
3. Тамеки өстүрүү, тамеки чыгаруу.
4. Чийки мунай затты чалгындоо жана казуу.
5. Мажбурлап иштетүүнү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына каршы келген балдар эмгегин.
6. СИТЕС[1] Конвенциясы тарабынан жөнгө салынуучу жапайы фауна жана флора түрлөрү менен соода жүргүзүү.
7. Коммерциялык эмес уюмдардын ишмердигин, (уставында каралган, ишкерлик менен алектенген жана уставдык максаттарга жетүүгө, ошону менен бирге уюмдун материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө багытталган уюмдардан тышкары).
8. Ломбарддык ишмердикти түз каржылоо
9. Башка банктардагы же банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдардагы проблемалуу карызды кайра каржылоо.
10. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары аркылуу тыюу салынган башка мыйзамсыз ишмердикти.

---

[1] Жоголуу алдында турган жапайы фаунанын жана флоранын түрлөрү менен соода кылуу жөнүндөгү 1973-жылдын 3-мартындагы эл аралык конвенция (Convention on International Trade in Endangered Species of Wild Fauna and Flora; эл аралык өкмөттүк макулдашуу, жапайы айбандар жана өсүмдүктөр менен эл аралык соода кылуу алардын жашоосуна коркунуч келтирбей тургандыгына, айбанаттардын жана өсүмдүктөрдүн он миңдеген түрлөрү үчүн ар кандай түрдөгү коргоону сунуштоо ошол макулдашуунун максаты болуп саналат; https://cites.org/eng/disc/text.php?gtranslate=ru ; https://cites.org/eng/app/appendices.php